DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2020

## *ЮРИДИКАЛЫК ИЛИМДЕР*
## *ЮРИДИЧЕСКИЕ НАУКИ*
## *LEGAL SCIENCES*

***Амирова К.А.***

# ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ТАЛАШ-ТАРТЫШТАР ЖАНА АЛАРДЫ ЧЕЧҮҮ ЖОЛДОРУ

***Амирова К.А.***

# СЕМЕЙНЫЕ СПОРЫ И ПУТИ ИХ РЕШЕНИЯ

***K.A. Amirova***

# FAMILY DISPUTES AND WAYS TO RESOLVE THEM

*УДК: 34.347*

*Бул макалада нике тууралу түшүнүк, алардын бузулган укуктарын коргоо жана талашка түшкөн укуктарына талдоо жүргүзүлөт. Үй-бүлө коом үчүн, мамлекет үчүн мааниси чоң. Үй-бүлө канчалык бекем болсо, коом дагы бекем болуп, натыйжада мамлекеттин өнүгүп-өсүшүнө таасирин берет. Азыркы учурда коомдо үй-бүлөлүк талаш тартыштарды чечүү мамлекет үчүн да коом үчүн да чоң мааниге ээ. Бирок тилекке каршы азыркы учурдаажырашуу, мүлк талашуу, алимент өндүрүү, үй-бүлөлүк талашуулар жыл өткөн сайын соттордо кароо саны өсүүдө. Кандай көйгөйлөр, талаш-тартыштар болбосун бардык жолдорун издөө менен бекем үй-бүлө түзүү керектигин белгилейт. Белгилүү бир укук жолунда тосколдуктар пайда болгон жагдайды чечүү менен үй-бүлөнүн бекемделишине аракеттенүү зарылдыгын көрсөтөт.*

***Негизги сөздөр:*** *нике, үй-бүлө, үй-бүлөлүк чыр-чатактар, үй-бүлөлүк талаш-тартыштар, мыйзам, салт, башкаруу, соттук кийлигишүү, жубайлар, балдары.*

*В данной статье анализируется понятие брака, защита нарушенных прав и вновь оспариваемых прав. Семья важна для общества и государства. Чем крепче семья, тем сильнее общество, что в свою очередь влияет на развитие государства. Сегодня разрешение семейных споров в обществе имеет большое значение как для государства, так и для общества. К сожалению, количество разводов, имущественных споров и семейных споров увеличивается с каждым годом. Какими бы не были проблемы, спор подчеркивает необходимость построения крепкой семьи путем поиска всех возможных путей. Внутри семьи естественно существуют различные отношения, а подчас возникают и семейные споры. Оно показывает необходимость попытаться укрепить семью, устраняя препятствия к определенному законному пути.*

***Ключевые слова***: *брак, семья, семейные конфликты, семейные споры, закон, обычаи, управление, судебное вмешательство, супруги, дети.*

*This article analyzes the concept of marriage, protection of violated rights and newly contested rights. The family is important to society and the state. The stronger the family, the stronger the society, which in turn affects the development of the state. Today, the resolution of family disputes in society is of great importance for both the state and society. Unfortunately, the number of divorces, property disputes and family disputes is increasing every year. Whatever the problem, the controversy emphasizes the need to build a strong family by finding all possible ways. Within the family, there are naturally various relationships, and sometimes-family disputes arise. It shows the need to try to strengthen the family by removing obstacles to a certain legal path.*

***Key words:*** *marriage, family, family conflicts, family disputes, law, customs, administration, judicial intervention, spouses, children.*

Макалада үй-бүлөлүк талаш-тартыштар каралат, үй-бүлө бул эзелки институт, адамдарды өз ара байланыштырган уникалдуу көрүнүш. Адам өмүрүн акырына чейин өзүн тарбиялап такшалат, бирок тарбиянын башталышы, жүрүш-туруш, адеп-ахлактын калыптануу башаты балалык, өспүрүм кезинен башталарын унутпаш керек. Анын өзгөчөлүгү бир нече адам узак убакыттын ичинде өмүрүн бирге өткөрүү. Мындай интенсивдүү карым-катнаш системасында талаш-тартыштар пайда болбошу мүнкүн эмес аларды чечүү жолдорун мыйзам негизинде аныктоо болуп саналат.

Адамдардын укуктарын коргоо мамлекет жана коом тарабынан корголот жана коргоолуга тийиш. Бирок экономикалык, саясий коомдук турмушка байланыштуу XX кылымдын экинчи жарымында үй-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



бүлөдө, үй-бүлөлүк жашоодо, үй-бүлөлүк саясат дүйнөсүндө өтө чоң өзгөрүүлөргө душар болду. Азыркы коомдо үй-бүлөлүк чыр-чатактарды чечүү менен байланышкан көйгөйлөр көп. Үй-бүлөнүн ролу коомдун ар бир жараныүчүн да, жалпысынан мамлекет үчүн да чоң мааниге ээ.

Кандай гана цивилизациялуу мамлекет болсун, мүмкүн болгон бардык жолдорун издөө менен бекем үй-бүлөнү түзүүгө кызыкдар. Белгилүү бир укуктук жолунда тосколдуктар пайда болгон жагдайларын чечүү менен үй-бүлө менен никенин бекемделишине жардам берүүгө аракет кылат. Никеге туруунун биринчи формасы уруу жана топтук нике болсо, андан кийин матриархат доорун басып өтүп, андан соң патриархат доору келген. Ар убакта адам жашоосунда өсүп өнүгүү болгон сайын үй бүлө курууда өзгөрүүлөр болгон. Азыркы убакта үй-бүлө кодексинин 9-беренесине ылайык үй-бүлөлүк укукту коргоонун негизги формасы - соттук коргоо болуп саналат [1].

Бардык өзгөчөлүктөрү анын ичинде тарыхый, өнүгүү инситуттарынын үй-бүлө жана никеде ар кандай коомдун өнүгүшүндө үй-бүлө ишенимдүүлүктүн жана коопсуздугун татаал кырдалдарында кепилдик берет, ушуга байланыштуу үй-бүлөлүк мыйзамдардын зарылдыгына үй-бүлөнү чыңдоо, үй-бүлө түзүү, үй-бүлөлүк мамилелерде бирин-бири урматтоо өз ара жардамдашуу, үй-бүлө жана үй-бүлө мүчөлөрүн алдында жоопкерчилик, үй-бүлө иштерине кимдир бирөөнүн негизсиз кийлигишүүсүнө жол бербөө, үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз укуктарын тоскоолдуксуз жүзөгө ашыруусун, укуктарды сот тарабынан коргоо мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу болуп саналат.

Үй-бүлө ичинде табигый түрдө ар кандай мамилелер болот, кээде үй-бүлөлүк келишпестиктер келип чыгат. Көбүнчө, үй-бүлө мүчөлөрү пикир келишпестиктер жаралган учурда бири-бири менен ынтымакта келишкен жагдайлардан сырттkары кээде үй-бүлөлүк талаш-тартыштар сот аркылуу бүтөт.

Мурдагы Советтик мыйзамдарда үй-бүлө түшүнүгүнүн универсалдык аныктамасы болгон эмес. Ошол мезгилдеги авторлор үй-бүлөгө социалистик коом катары аныктама беришкен "союз адамдардын негизделген эркин жана никедеги теңдигин анын жакын туугандык байланышы бар идеяларга байланышкан, коммунизмди курууга багыттаган, ошондой эле бириккен өз ара материалдык жана моралдык колдоо, кам көрүү коммунисттик тарбиялоодо келечектеги муунга, укук милдетин билүү менен өсүп келе жаткан мамлекетке жардам көрсөтүү болгон" [2].

Укук жана үй-бүлөнүн өз ара аракеттенүүсү жөнүндө сөз кыла турган болсок, нике-үй-бүлөлүк чөйрөдө адамдардын жүрүм-турумун толук укуктук жөнгө сала албасын эске алуу керек. Андан сырткары, үй-бүлө жана укук бул ар кандай социалдык категориялар, жана социологиялык жана юридикалык аспектилерде үй-бүлө түшүнүгү өзгөчө бөлүп көргөзүлгөн эмес.

Социалдык мааниде үй-бүлө – бул никеге негизделген адамдардын союзу, же (туугандык байланышы бар адамдар гана), балдарды тарбиялоо менен мүнөздөлгөн жалпылыгы менен жашоо; юридикалык жактан үй-бүлө – бул никеден, туугандыктан, асырап алуудан же баланы тарбиялоого кабыл алуунун башка формасынан келип чыккан укуктар жана милдеттер менен байланышкан жактардын чөйрөсү. Үй-бүлө кодексинин 1-п. 8-беренесине ыйлайык жарандар үй-бүлө мамилелеринен укуктарды коргоо, өздөрүнө таандык болгон укуктардан өздөрү каалагандай пайдалана алат.

Өз укуктарын жүзөгө ашыруу менен үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн жана жарандардын укуктарын эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузбоого тийиш.

КР ЖК 11-бер. жарандык укуктарды коргоонун ыкмалары Үй-бүлө кодексинде каралган эмес, 9-беренеси п.2 үй-бүлө укугун жана балдардын укуктарын коргоо каралган. Ал эми 4-беренеси мүлктүк жана мүлктүк эмес мамилелер үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосунда үй-бүлө мыйзамдары менен жөнгө салынбаган, бул негизде жарандык мыйзамы колдонулат, анткени үй бүлө мамилелеринин маани-мазмунуна карамакаршы келбейт [3].

Жалпысынан үй-бүлө укуктарын коргоо субъективдүү жарандык укуктарды коргоо сыяктуу башталыштарында жүзөгө ашырылат. Жарандык кодекстин 11-беренесин үй-бүлөлүк мамилелерине да таратса болот. Үй-бүлө мамилелеринин өзгөчөлүгүн эске алуу менен, үй-бүлө мыйзамдары башка мамилелерден үй-бүлөлүк мамилелердин чегинүүгө мүмкүндүк берүүчү сапаттуу материалдык критерийлерди камтыбайт. Үй-бүлөлүк мамилелер формалдуу белгилери боюнча гана бөлүп алынат. Алар жубайлардын, ата-энелердин жана балдардын ортосунда келип чыгууга тийиш; башка туугандарынын же башка адамдардын ортосундагы мамилелер, качан бул үй-бүлө мыйзамдарынын ченемдеринде түздөн-түз көрсөтүлгөн учурда жөнгө салынууга тийиш.

Жогоруда айтылгандай, үй-бүлө мыйзамдары жубайлардын, ата-энелер менен балдардын ортосундагы бардык мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес мамилелерин жөнгө салбайт. Үй-бүлөлүк жана жарандык

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



укук аркылуу жөнгө салынуучу мамилелерди чектөөнүн материалдык критерийинин жоктугуна байланыштуу чек коюуга дайыма эле мүмкүн боло бербейт. Мамилелерди түздөн-түз жөнгө салган үй-бүлө укугунун ченемдери бар же жок экендиги аныкталгандан кийин гана үй-бүлө мыйзамдары тигил же бул учурларда колдонулбагандыгын аныктоо мүмкүн. Биринчи кезекте, үй-бүлө мамилелеринин өзгөчөлүгү мыйзам менен аныкталган физикалык жак (жарандар жана чет өлкөлүк жарандар) үй-бүлө мыйзамдарында жана мамилелеринде так аныкталган катышуучулардын ортосундагы мамилелер жекече - ишенүүчүлүк башталыштарда түзүлөт; үй-бүлөлүк мамилелер өз негизинде укук эмес, морал ченемдери менен жөнгө салынат.

Үй-бүлөлүк укук изилдөөчүлөрдүн басымдуу көпчүлүгү үй-бүлөлүк укуктагы негизги басым үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы мүлктүк эмес жеке мамилелерди жөнгө салууга жасалгандыгын белгилешет. Жубайлардын жеке мүлктүк эмес мамилелерди жөнгө салуу 32,33-беренесинде гана камтылса, ал эми жубайлардын ортосундагы мүлктүк мамилелерге кыйла көп ченемдер каралган. Юрист Г.Ф. Шершеневич "үй-бүлө мүчөлөрүнүн жеке мамилесине юридикалык элементтин киргизүү туура эмес жана максатка жетпейт" деп белгилейт [4].

Жубайлардын жана үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн ортосунда түзүлгөн жекече мүлктүк эмес мамилелердин көпчүлүгү укуктук жөнгө салуу чөйрөсүнө кирбейт. Мамиле үй-бүлөдө өз ара сыйлоо, урматтоо, өз ара түшүнүшүүнү, чыныгы сүйүү, достук ж.б. негизинде түзүлүшү керек. Бул мамилелердин жаратылышы ушундай үй-бүлө укук ченеми, башка ченемдик-укуктук институту менен жөнгө салынбайт, бул мамилелер адеп-ахлак жана моралдык нормалары менен жөнгө салынат. Үй-бүлө кодексин 32-бер. 3п. жубайлар үй-бүлөдөгү мамилелерин өз ара сыйлашуу менен жардамдашуунун негизинде түзүүгө, үй-бүлөнүн бейпилдигине жана чыңдалышына көмөктөшүү, өздөрүнүн балдарынын бакыбаттыгына жана өсүп жетилишине кам көрүү. Бул жерде моралдык этикалык ченем көрүп турабыз. Албетте үй-бүлө курууда максат жашоосун жакшы болушун каалайт, тилеке каршы жубайлар милдеттин бузган жагдайларда аларга кандай жоопкерчилик чарасын колдонот.

Укук колдонуу практикасына анализ жүргүзүү натыйжасында, үй-бүлөлүк чыр чатактардын көп чыгышына алып келүү мененүй-бүлөнүн материалдык негизин бузат, конфиликти чечүүгө даяр эместиги, үй-бүлөдөгү чыр-чатактарды пайда кылат жана никенин бузулушуна алып келет (никени бузуу, мүлктү бөлүштүрүү, баланын ким менен калуусун аныктоо, алимент өндүрүү ж.б.) Үй-бүлөлүк талаш-тартыштар жөнөкөй эмес категориядагы соттук иштер болуп саналбайт, психологиялык жактан да мыйзам тарабынан да, үй бүлөлүк талаш-тартыштын ар бир түрүн мыйзам менен жөнгө салуу мүнкүн эмес. Үй-бүлөлүк укук мамилелеринин катышуучуларын үй-бүлөлүк укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо юрисдикциялык формада жүзөгө ашырылат, үй-бүлө кодексин 9-беренеси п 1. негизинде карайт жана аныктайт. Сот үй-бүлө укуктарын коргоо боюнча жарандык сот өндүрүшүн ЖПК КР 10,15,30-беренелеринин эрежелери колдонулат [5].

Ар бир учурдун өзүнчө көйгөйлөрү болот эмеспи, азыркы учурда үй-бүлө курган жаштардын көбүн эсе коңшу мамлекеттерге иштеп келүү максатта балдарын, жубайларын ата-энесин алдында калтырып кеткен жагдайлар жок эмес. Мындай учурларда талаш-тартыш жаралбайт деп ким айтат. Жарандардын үй-бүлө укуктарын коргоо үчүн сотко кайрылуусу үчүн негиз болуп үй-бүлөлүк укук мамилелери жаатындагы өтө маанилүү маселелерди чечүүнүн зарылдыгы саналат, мисалы: никени бузуу; никени жараксыз деп табуу; жубайлардын жалпы мүлкүн бөлүштүрүү; нике келишимин өзгөртүү же бузуу; аталыкты аныктоо. Никенин бузулушу, мүлктү бөлүү, алимент өндүрүү, ата-энелик укуктан ажыратуу эсептелет.

Мындай талаш-тартыштардын себеби ата-энесинин (мурдагы жубайлардын) ортосундагы чыр-чатактуу өз ара мамилелер болуп саналат. Иштердин бул категорияларын чечүү менен сот баарынан мурда баланын кызыкчылыктарына, ошондой эле он жашка чыккан баланын ой-пикирин милдеттүү түрдө эске алуу менен таянуу керек. Кыргыз Республикасынын ЖК ишти карап чечүүдө баланын жашаган жерин аныктоо менен сот төмөнкү жагдайларды эске алат; баланын курагын, ата-эненин кимисине көбүрөөк байланышы барлыгын, агасына же эжесине жана башка үй-бүлө мүчөлөрүнө; ата-эненсинин адеп-ахлагына жана жеке сапаттарына, ата-энелеринин ортосундагы баланы жакшы шартты түзүп берүүсүн териштирет.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй үй-бүлөдөгү талаш-тартыштарды жөнгө салуу жөнөкөй соттук иш эместигин эске салуу менен мыйзамдарда жаңы формалары да пайда болгондугун билебиз. ЖПК 43-беренеси п.3, п.4 көрсөтүлгөндөй тараптар тынышуу макулдашуу келишимин процесстин кайсыл стадиясында болбосун түзө алышат, эгерде тараптардын тынышуу келишими жактардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктары бузулбаса сот тынышуу келишимин бекитет. "Медиация жөнүндө" талашкан

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



тараптардын өз ара алгылыктуу макулдашуусуна жетишүү максатында алардын кызыкчылыктарын макулдашуу жолу менен медиатордун (ортомчулук) көмөктөшүүсү менен, талашты жөнгө салуу жол-жобосун билдирет.

Дүйнөдө медиациянын көптөгөн моделдери белгилүү тесттеги медиацияга, экосистемалык медиация, түшүнүккө негизделген медиация, калыстык, калыбына келтирүүчү медиация, баалоочу медиация. Үй-бүлөдөгү талаш-тартыштарды чечүү үчүн ар кандай укуктук ыкмаларды колдонуу менен жөнгө салууга негизделет. Жыйынтыктап кетсек бүгүнкү күндө биздин коом үй-бүлөлүк талаш-тартыштарды ушундай ыкмалар менен жөнгө салууга даяр эмес, ал тургай нике келишимин мыйзам негизинде таанылса да нике келишимин түзгөндөрдүн саны аз. Нике келишимин натыйжасы макулдукка жетишүү болуп саналат (мүлктү бөлүү жөнүндө макулдашуу, алимент төлөө жөнүндө макулдашуу, бала менен барлашуу макулдашуу ж.б.) тынчтык жолу менен эмес, көпчүлүк учурда тараптар сотко кайрылууну артык көрүшөт талаш-тартыштарды чечүү үчүн.

**Адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө Кодекси; 17-август 2020-жыл №135 (Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык) [Электрондук ресурс]. - www. minjust. gov.kg.
2. Бошко В.И. Очерки советского семейного права. - Киев, 1952. - С.89.
3. Советское семейное право: учебник / Под ред. В.А. Рясенцева. - М., 1982. - С.45.
4. Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодекс I бөлүгү; 1-август 2020-ж. №109 (Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык) [Электр. ресурс]. - www.minjust. gov.kg
5. Шершеневич Г. Ф. Учебник русского гражданского права. - М., 1995. - С. 242.
6. Кыргыз Республикасынын Жарандык-Процесстик Кодекси; 11-апрель 2020-жыл №39. 2020-жылдын 11-априлиндеги №39.
7. Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык. / [Электрондук ресурс]. - www. minjust.gov.kg.